**Нарын районундагы Казаалы Абиров атындагы орто мектебинде акыркы 5 жыл ичинде аткарылган иштер боюнча кыскача маалымат**

- 2017-2018-окуу жылында кылмыштуулукту алдын алуу максатында Нарын шаардык спорт комитети тарабынан уюштурулган областтык сынакта сүрот, жаш калемгер , сценка номинациялары боюнча мектеп окуучулары 1-орунду камсыз кылышты.
- Махмут Кашкари атындагы Чыгыш университети тарабынан уюштурулган «Эл ырчысы-Эсенгул» аттуу республикалык кароо-сынакта 1-орунду алып, «Мыкты сценка» номинациясына ээ болушту.
- Мектептин 11-классынын окуучулары жана уюштуруучу болуп борбор калаадагы Ак үйгө экскурсияга барышты.
- Хоккей оюну боюнча мектеп окуучулары областтык, республикалык жана эл аралык турнирлерде женүүчү аталышты.
- Нарын райондук жана облустук ички иштер бөлүмү менен бирдикте «Биз, кылмыштуулукка каршыбыз!» аталыштагы иш-чарада окуучулар активдүү катышып, уюштуруучу ыраазычылык кат менен сыйланды.
- 2018-2019-окуу жылы Нарын райондук жана областтык ички иштер бөлүмдөрү менен биргеликте «Азамат» аттуу мектеп окуучуларынын катышуусу менен кино тасма тартылып, кылмыштуулук боюнча областтык форумда көрсөтүлдү. Башкы каарман- Кадыров Айтбек жана уюштуруучу – В.Омурова Ардак грамота менен сыйланышты.
- Мектеп окуучуларынын демилгеси менен А.Осмоновдун жаркын элесине арнап «Мезгил жана Алыкул» аттуу кино тасма тартып, соцтармактарда көптөгөн көрүүчүлөрдүн сүймөнчүлүгүнө ээ болду.
- Нарын райондук ички иштер бөлүмү менен биргеликте «Эне тилин даңктайлы!» аталыштагы иш-чара уюштуруп, катышкан окуучулар ички иштер бөлүмүнүн белектери менен сыйланышты.

- 2019-2020-окуу жылы Кыргыз патенттин областтык ойлоп табуучулар кароосунда мектеп окуучулардын долбоору 1-орунду камсыздап, баалуу белектер менен сыйланды.
- Көркөм окуу боюнча уюштурулган райондук, областтык,республикалык кароо-сынактарда мектеп окуучулары активдүүлүгүн көрсөтүп, байгелүү орундарды алышты.
- «Энелер мектеби» долбоорунун негизинде Нарын райондук ички иштер бөлүмү менен биргеликте тегерек стол, семинар-тренингдер уюштурулуп турду.
- Спорт , маданият, билим тармагында да окуучулар эң жакшы жетишкендиктер менен алдыга чыгып жатышты.
- 2020-2021-окуу жылы Кыргыз патенттин «Келечек жаратманы» республикалык ойлоп табуучулардын кароо-сынагында «Видео ролик» номинациясы боюнча кызыктыруучу сыйлыктын ээси болуп, катышкан окуучулар Эл аралык «Мектеп патенти» кароосуна жолдомо алып, активдүүлүгүн көрсөтүштү.
- Спорт тармагы боюнча эркек балдар да, кыз балдар да футбол жана волейбол оюндары боюнча өрөөндүн,райондун мыктылары аталышты. «Кенеш учкучтары» хоккей командасы да райондук,областтык, республикалык турнирлерге активдүү катышып келишет.

Уюштуруучу: В.Өмүрова